DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Минбаев Д.А.*

# МАНАС ЭПОСУНДАГЫ КАНЫКЕЙДИН ОБРАЗЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК-АДЕПТИК ЖАНА ПАТРИОТТУК ДӨӨЛӨТТӨРҮ

*Минбаев Д.А.*

# ПЕДАГОГИКО-НРАВСТВЕННЫЕ И ПАТРИОТИЧЕСКИЕ ЦЕННОСТИ ОБРАЗА КАНЫКЕЙ В ЭПОСЕ МАНАС

*D. Minbaev*

# PEDAGOGICAL AND MORAL PATRIOTIC VALUES OF THE IMAGE OF KANYKEY IN THE EPIC MANAS

*УДК: 398.29*

*Бул макалада Каныкейдин адеп-ахлактык, педагогикалык, патриоттук дөөлөттөрү көрсөтүлгөн. С. Мусаевдин Каныкейдин образы, С. Байгазиевдин Манас эпосунун руханий, адеп-философиясы, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык акыл нарктары, Б. Исановдун «Айкөл Манастын калыптынышы» деген чыгармаларында берилген. Көлөмү эле эмес, терең мазмуну менен океанга салыштырганда да теңдешсиз «Манас» эпосундагы педагогикалык идеяларды изилдөөдө бири-бирин улап, албан ишти улам арбыта уланткан мыкты илимпоздордун бир нече муунунун изилдөөлөрү да аздык кылат. Бүгүнкү күндө «Манас» эпосу тууралуу изилдөөлөрдөгү фунтаменталдуу ой тыянактардын учугун улаган изилдөөлөр арбын эле. Улуттук тарбиянын идеалы кыргыз коомунун руханий эс тутумуна, улуттук нарктарына эгедер жалпы адамзаттык маданияттын баалуулуктарына негизделиши заманбап зарылчылык катары каралууда. Сунушталып жаткан макалада «Манас» эпосунун асыл педагогикалык дөөлөттөрүнүн мазмунундагы «аял затынын» идеалын конкреттүү тексттик фактылар жана аларды салттык турмуш реалдуулугу менен салыштырып далилдөөгө аракет жасалды.*

***Негизги сөздөр:*** *Манас эпосу, Каныкейдин образы, педагогика, адеп-ахлак, патриоттуулук, Ала-Тоо, кыргыз эли, дөөлөттөр, маданият.*

*В этой статье показаны нравственные, педагогические, патриотические ценности Каныкея. Духовная, нравственная философия, патриотические великие ценности и педагогическая мудрость эпоса "Манас" и образ Каныкей даны в произведениях С. Байгазиева. Исследования нескольких поколений лучших ученых, изучавших педагогические идеи эпоса «Манас», несравнимого не только по объему, но и по глубине содержания по сравнению с океаном, все еще остаются недостаточно изученными. На сегодняшний день существует множество исследований, опирающихся на фундаментальных выводах в исследованиях эпоса «Манас». В современном обществе крайне необходимо, чтобы идеалы национального воспитания основывались на духовной памяти кыргызского общества, ценностях общечеловеческой культуры, а также на национальных ценностях. В предлагаемой статье предпринята попытка обосновать идеал «женщины» в содержании благородных педагогических ценностей эпоса «Манас» путем сопоставления их с конкретными текстовыми фактами и реалиями традиционной жизни. При анализе идеала «женщины» в эпосе «Манас» в качестве источника исследования использовались методы поиска и анализа, структурного семиотического контент-анализа, герменевтического толкования.*

***Ключевые слова:*** *эпос Манас, образ Каныкея, педагогика, нравственность, патриотизм, Ала-Тоо, кыргызский народ, ценности, культура.*

*This article shows the moral, pedagogical, patriotic values of Kanykey. Spiritual, moral philosophy, patriotic great values and pedagogical wisdom of the epic "Manas" and the image of Kanykey are given in the works of S.Baygaziev. In the study of the pedagogical ideas of the epic "Manas", which have no equal not only in volume, but also in depth of content, there is not enough research of several generations of outstanding scientists who continued each other and expanded the Albanian language. To date, there are many studies that continue to draw fundamental conclusions in research on the epic "Manas". The ideal of national education is considered as a modern necessity for Kyrgyz society to be based on spiritual memory, national values and values of universal culture. In the presented article, an attempt was made to prove the ideal of the "feminine substance" in the content of the noble pedagogical values of the epic "Manas" by comparing them with specific textual facts and realities of traditional life.*

***Key words:*** *epic Manas, image of Kanykey, pedagogy, morality, patriotism, Ala - Too, Kyrgyz people, values, culture.*

Каныкей билимдүү, сулуу, эмгекке бышкан, элди-жерди сүйгөн, кайраттуу, адилеттүү, намыскөй, Ала-Тоо үчүн эч нерседен кайтпаган. Эпосто Каныкейдин жубайлык, идеалдык, энелик милдетти өтөөнүн эң жогорку өрнөгү катары көрсөтүлгөн. Манас эпосунда Каныкейдин таалим-тарбиялык, адеп-ахлактык, патриоттук, энелик дөөлөттөрү кеңири чагылдырылган. Мисалы, С. Байгазиевдин Манас эпосунун руханий, адеп философиясы, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык акыл нарктары, Б. Исаковдун «Айкөл Манастын калыптанышы», С. Мусаевдин Каныкейдин образы ж.б. деген чыгармаларында терең мүнөздөмөлөр берилген.

Каныкейдин патриоттук сабактарына эпосто кеңири берилген. Мисалы К. Рахматуллин улуу патриот, укмуштуу «Манас» китебинде (148) ошондой эле Т.Байжиевдин «Кыргыз адабияты» (22) окуу китебинде, Мусаев С. «Каныкейдин образы» (130) деген чыгармаларында алгачкы жолу мүнөздөмөлөр берилген.

Каныкей билимдүү, сулуу, эмгекке бышкан, үй тиричилик өнөрлөрүн жакшы үйрөнгөн, ошолор менен бир катар жоокердик өнөргө да машыккан, кайраттуу, намыскөй-патриот, эл-жер үчүн эч нерседен кайтпаган. Мисал катары анын Бухарада Чубак менен тең таймашуусун айтсак болот. Каныкейдин келбет-көрүнүшү, сымбаттуулугу эпосто төмөндөгүчө айтылат:

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Көлөңдөй чачы төгүлүп,
Короздой мойну көрүнүп,
Санирабига кыз экен,
Супсулуунун өзү экен,
Жыла сүйлөп, шыңк этип,
Акыл толгон кыз экен... [2 , 122-б.]

Эр Манас, Каныкейдин өмүрлүк жолдошу, балдарынын мээримдүү энеси, үй бүлөсүнүн куту, кыргыз эли-жери менен тагдырлаш жан керектигин мындайча айтат:

Акыл эси ошонун,
Мени менен теңди алам,
Алты жылдык зыянды,
Биле турган кызды алам.
Акыл кошуп жанымды,
Жүрө турга кызды алам.
Жан жолдошко жаман сөз,
Айтпай турган кызды алам... [5, 96-б.]

Каныкей алдамчыларды, элин-журтун саткандарды, көзкамандарды жактырбайт. Мисалы, Манас конокко барганда, элди жерди саткандар (Кангайлык туугандар), аны ууландырып, чыккынчылардын курчоосунда калганын угуп Каныкей өзүнүн ички оюн төмөндөгүчө баяндайт:

Бөдөнө сындуу көзүнөн,
Бөлөк, бөлөк жаш кетип,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Кабырга сөөгү сөгүлүп... [5, 105-б.]

Ошондон кийин Каныкей өзү баш болуп, өлүп-тирилерине карабай, чыккынчылар менен тең согушуп:

«Башы челек кан болуп,
Бүткөн бойдун барысы,
Кадимкидей кан болуп,
Көзкамандар огуна,
Эмгек этин жулдуруп,
Бой-башынын барысы,
Бучкактап аккан суу болуп» [5, 105-б.]

Каныкей Акаяр балбандын жардамы менен Манасты өлүмдөн сактап калган. Баатыр Эр Шуутунун алдында Манас зайыбы жөнүндө:

«Өчкөн отум тамызды,
Өлгөн жанымды тиргизди»

Манас айткан сөздөрү Каныкейдин адеп-ахлактык, элди-жерди сүйгөнүн, Ала-Тоого болгон патриоттук сезимдердин маанисинен кабар берет. Тынымсыз уруш согуштарда, талаш-тартыштарда Каныкей элдин билимдүүлүгүн, күч-кубатын ойлоп, эл ичиндеги усталарды, мергендерди, балбандарды чогултуп жүрөт. Өзү да кырк чоролор үчүн жоо кийимдерин, курал жарактарын, гүлазыктарын, дары-дармектерин, мине турган аттарын даярдап жүрөт.

Дагы бир мисал катары «албарс болот өгөтүп, ортосунда төгүп, чапса кылыч кеспей, сайса найза тешпей турган кылып, атайы эр Манаска арнап жасаган ак олпокту эле алсак, бул да бизди таң калтырган чеберчилик. Мындай кайталангыс өзгөчө кийимдер эпосто:

«Жылан боор кайыган,
Көргөн пенде таң калып,
Эки көзү тайыган» [4, 110-б.] - деп даңазаланат.

Каныкей өзгөчө чеберчилиги менен кырк чорого ак калпак, туулга, өтүк, ок өтпөс тон, кемер, чопкут, тулпар даярдап, Чоң казаттын алдында кырк чорого тартуулайт. Ошондо эр Манас:

«Ата-энең дебеске,
Артылта камчы салбаска,
Артынан күнү албаска,
Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!» [4, 110-б.] - деп

Каныкейдин ыйыктыгын, бийик патриот экенин туура баалайт. Мына ошентип, Кошой балбан Каныкей тиккен кандагай шымды кийип, бел кармашууда Жолойду жеңген. Ошол эле «Көкөтөйдүн ашында» эр сайышта Манастын Коңурбайды жеңишине Каныкейдин ак олпогу чоң ролу ойногон.

Чоң Казаттын акыры кыргыз элине чоң жоготууларды алып келет. Бирок Чоң казатта кыргыздар баскынчылык согушка барган эмес. Манас баш болгон эл өздөрүнүн өздөрүнүн эркиндиги үчүн барышкан.

«Алакандай кайран эл Бекер кыргын болбосун»... [1, 118-б.] - деп Алмамбет ыйлап туруп өз арманын айткан. Эр Манасты такты таштаттырып, Ала-Тоого алып келген Каныкей болот. Каныкейди эпосто жубайлык жана инсандык милдетти өтөөнүн эң жогорку өрнөгү катары берилген. Манастын айткан төрт милдеттерин Каныкей аткарганда, Кошой баатыр айран калып:

«Балам сени катын деген оңбосун,
Сени ургаачы дегендин,
Эгерде иши эки болбосун» [1, 126-б.] - деп ыйлап

жиберет. Эр Манастын жана Каныкейдин мекенчилдик, патриоттук, адеп-ахлактык жана башка жактарын көрсөтүү менен токтолбой, эпосто Каныкейдин Манастын кыйраган ордосун кайрадан калыбына келтириши жана кыргыз элинин эгемендүүлүгүн, ар намысын сактап калуудагы патриоттугу жөнүндө айтпай койбосо болбойт. Кыргыз эли Манастан ажырап турганда Жакыптын уулу Көбөш баш болуп алтоосу арам ойго келип, эл башчысы болом деп аракет жасайт. Ошондо Каныкей:

«Ай караңгы болгондо,
Түн ушундай экен го,
Айкөлдүн көзү өткөндө,
Күн ушундай экен го..» [1, 128-б.]

Абыке-Көбөш «Манас өлдү, элге өзүбүз хандык кылабыз» - деп ажонун ордосуна кол салганда,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Каныкей жоо кийимин кийип, Көбөш баш болгон чыккынчыларды ордого киргизген эмес. Көбөш менен болгон согушта жарадар Каныкейде ой келет: Энелик патриоттук сезими аны жөн койбой Семетейдин келечегин ойлойт. Ошентип Семетейдин кыргыз эли, жери үчүн жашоосун улантат. Каныкей Семетейди бооруна көтөрүп, карыган Чыйырды менен Букарага:

«Айкөлүм сенден айрылдым,
Азапка түшүп кайгырдым...
Көз мелжиген кең өзөн,
Белиң менен аман бол!
Муңга толгон кант Бакай,
Чалың менен аман бол!...» [2, 165-б.] Бул саптар Каныкейдин кыргыз элин, жерин сүйгөндүгүн, кымбаттуулугун, башкалар үчүн кол тийбестигин билдирет. Бул жерде Семетейдин болочогун, мекенинин эртеңи менен байланыштырып, чоң патриоттук деңгээлде толгонуп, акыл-ой салып турат.

Ошол кезде Семетей, Чыйырды чоң энесинин да, Бакайдын да үмүту болгон. Жакыптын чыккынчылыгынан кийин, Чыйырды кепир Каныке менен бир ойдо болушат. Каныкей Букарга бараткандагы Бакайдын патриоттук сөздөрүнө көнүл буралы. Бакай аксакалдын сөзү:

«Жашы он экиге келгенде,
Жибергин ушул Таласка,
Зыярат кылсын жетимим,
Курдашым көк жал Манаска!»

Анда Каныкейдин жообу төмөнкүчө болот:

«Өлбөсөм Чаткал жайлармын,
Өзөнгө бээм байлаармын,
Көлөкөм аман турганда,
Көбөштү мен да айдаармын» [4].

Бул пикир алмашуу кыргыз элинин келечеги, тагдыры жөнүндөгү бийик санаа. Мына ушинтип, Семетей Ала-Тоону бийик үмүтүнө айланат. Бул үмүт Семетей эпосунда мындайча баяндалат:

Деп ошентип зор Бакай,
Беренден калган белектин,
Оң бетинен бир жыттап,
Сол бетинен бир жыттап,
Улам-улам кучактап,
Үчөө бирдей бышактап...» [2, 117-б.]

Бул саптардан Бакай менен Каныкейдин ата журт көйгөйлөрү менен алек болушкан, чыныгы рухий, патриот эл башчылары экендигин айкындап турат. Бул жерде С.Байгазиев айткандай, кыргыз элинин эки чоң мүлкү бар: биринчиси баатыр, экинчиси акылман болот [2, 147-б.]

Акылы терең, колу берекелүү, касиеттүү Темиркан:

«Кыз да болсо кенжемди,
Алтымыш бербеймин» [1, 148-б.] - деп айтканын эскерип коюу зарылдыгы келип турат. Каныкей атасы менен инисинин кылган мамилелерине ыраазы болуп, тилеген тилектери орундалып жатканын байкап, тобоо келтирип:

«Алыста калган элиңе, Аныктап тиер керегиң...» деп Семетейдин үмүтүн үзбөйт [1, 149-б.]. Манас оор жарадар болуп, жарык дүйнөдөн коштошоор алдында Каныкейге уулунун келечегин ойлоп оз керээзин айтат:

«Чунагың Семетейди бага көр,
Жашы он экиге келгенде,
Эне ата жайын билгизгин» [2, 187-б.] - деп Манас аманат тапшырмасы ушундай.

Каныкей өз төркүнүндө тынч, бакубат жашап жүрсө да кыргыз элин, Ала-Тоо жерин сагынып, жүрөгү элеп-желеп:

«Касиеттүү кыргызды,
Кайрылып көрөөр күн болсо» - деп дайыма жүрөктөн чыгарбай жүрөт.

Ошондуктан:
«Кең колум өңдүү жер кайда,
Султаным Манастан калган журт эле,
Кыргызды гана көрөөр күн кайда» [5]

Каныкейдин кыргыз эли-жерине болгон ички ой-сезимдери, патриоттук санаркоолору эпосто өзгөчө көрсөтүлгөн.

«Бел байлаган белим жок,
Бейпай тартсам мынчалык,
Берендин зайыбы деп турган,
Берекем кыргыз элим жок!» [5, 154-б.] - деп алыскы Букарда жүрүп, кыргыз элине, Ала-Тоо жерине болгон сагынычын айткан.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиясы, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. - Бишкек, 2014. - 597-б.
2. Байгазиев С. Улуу Манас эпопеясы – дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдыз. - Бишкек, 2016. - 510-б.
3. Исаков Б. Айкөл Манастын калыптанышы. - Бишкек, 2010. - 80-б.
4. Манас. Эпос. Шаабай Азизовдун варианты боюнча. - Бишкек: Республикалык Манас жаштар ордосу, 2013. - 366-б.
5. Мусаев С. Каныкейдин образынын элдүүлүк маселесин чечмелөө: филология илимдер даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. - Фрунзе, 1962. - 20-б.